**Ош мамлекеттик университетинин**

**Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин**

**Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн**

**2024-жылдын 30-январындагы өткөрүлгөн кезектеги**

**Кеңешменин отурумунун**

**№5 ПРОТОКУЛУ**

**Кеңешменин төрагасы:** ф.-м.и.к., доцент  Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы

**Кеңешменин катчысы:** Жусуева Толгонай Сатаркуловна

Катышкандар: 8

Келбегендер: -

**Каралуучу маселелер:**

1. **2022–2023-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы үчүн бөлүмдүн окутуучуларынын отчетторун талкуулоо;**
2. **Кышкы сессиянын уюштурулушу жана андагы маселелер;**
3. **Окуу-таанышуу жана өндүрүштүк практикаларды уюштуруу маселелери**
4. **Ар түрдүү маселелер.**

**Угулду: Кеңешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Урматтуу кеңешменин катышуучулары!

Кеңешмени ачып алсак. Баары – "Макул" , Каршы – Жок, Калыс- Жок

**Угулду: Кеңешменин төрагасы: ф.-м.и.к., доцент  Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы,** Урматуу кесиптештер бүгүнкү кеңешмеде каралуучу 1-маселе 2023-2024-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы үчүн бөлүмдүн окутуучуларынын отчетторун талкуулоо. 1-маселе боюнча өзүм сиздерге маалымат берип койсом. Азыркы учурда ТМИ бөлүмүндө штаттык жана штаттык эмес жалпы 12 окутуучу бар.

2023-2024-окуу жылында кабыл алынган 1-курстун 14, жалпы 113 студент бар. Жалпы абсалюттук көрсөткүч 98%, сапаттык көрсөткүч 80%ды түздү. Жалпысынан жарым жылдык отчет канааттандырарлык деп эсептелет.

1-маселени добушка коем.

Баары-“Макул”, Каршы-калыс-“жок”

**Угулду: Кенешменин торагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Кенешменин катышуучулары, анда эмесе 2-маселеге өтсөк, Кышкы сессиянын уюштурулушу жана андагы маселелер деген маселеге келсек, анда сөздү Жусуева Толгонайга берсек.

**Сүйлөдү: Жусуева Т.С., окутуучу:** Кышкы сессияны уюштуруу боюнча графиктер алдын-ала бекитилген. Ар бир сессия өз убагында өтүлдү. Жалпысынан алганда сессияны уюштуруу иштери жакшы деп эсептөөгө болот. Сессияны алуу формасы ар бир окутуучу өзү белгилеген. Суроолор алдын-ала бекитилип ошонун негизинде алынды.

**Кенешменин торагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Анда эмесе 2-маселени добушка койсок.

Баары-“Макул”, Каршы-калыс-“жок”

**Угулду:**

**Кенешменин торагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** 3-маселе боюнча кимде кандай маселе бар.

**Сүйлөдү: Орозов Максатбек Омурбекович,** экинчи жарым жылдыктын сабактарынын силлабус УМКларын ушул күнкү кеңешменин протоколунун негизинде бекитилет. Азыр баарыныздар бекиттирип Гугл Дискке жүктөп коюңуздар.

**Угулду: Кенешменин торагасы: ф.-м.и.к., доцент Орозов Максатбек Омурбекович Түрк тилдүү мамлекеттердин интеграциясы бөлүмүнүн башчысы-** Кенешменин катышуучулары, анда эмесе 3-маселеге өтсөк, окуу-таанышуу жана өндүрүштүк практикалардын уюштурулушу жөнүндө маалымат берүү үчүн Исмаилова Айнурага сөз беребиз.

**Сүйлөдү: Исмаилова А.Т.,** экинчи жарым жылдыкта бөлүмдүн бардык курстары практикага чыгышат. 1-курстар бир ай; 2-курстар бир жарым ай; 3-курс эки жумага; 4-курстар бир айлык мөөнөткө практика өтөшөт. Азыркы учурда 4-курстар практика өтөп атышат. Практика жетекчилери студенттерди жеринде текшерип келишти, фото отчеттор сайтка илинет. Кийинки жумада да ар бир практика жетекчиси барып көзөмөлдөңүздөр деп айтмакмын.

**Кенешме айтылган ой-пикирлерди угуп жана талдап төмондогүдөй токтом кылат.**

## ТОКТОМ

1. 2022-2023-окуу жылынын 1-жарым жылдыгынын жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын.
2. Кышкы сессиянын уюштурулушу канааттандырарлык деп эсептелсин.
3. Практикаларды уюштуруу иш-чаралары канааттандырарлык деп табылсын.
4. Силлабус, жумушчу программа, ОМКлар даярдалсын.
5. Токтомдун ар бир чечиминин аткарылышын көзөмөлдөө бөлүм башчы М.О.орозовго жүктөлсүн.

Баары "МАКУЛ"

**Кенешменин торагасы, ф.-м.н.к.,**

**доцент:** **Орозов М.О.**

**Катчы:** **Жусуева Т.С.**